УДК [37.013.2:82-13]-028.16-057.87
DOI: 10.36979/1694-500X-2025-25-2-176-180

# СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ УСТНОЙ РЕЧИ УЧАЩИХСЯ В ПРОЦЕССЕ АНАЛИЗА ТЕКСТА ЭПОСА “МАНАС”

***К.А. Абдиева***

*Аннотация.* Подчёркивается необходимость внедрения поэтапного процесса развития устной речи учащихся, используя дидактические принципы, методические приёмы при знакомстве с текстом великого эпоса “Манас”, при этом заостряя их внимание на его особенностях как эпического произведения. Отмечена важность умения педагога сочетать текстовое обучение, слушание и устные ответы, диалогическую и монологическую речь учеников с аудио-, видеофильмами, музыкой и изобразительным искусством. При этом подчёркивается, что при поэтапном изучении эпоса достигается двусторонний эффект применяемого учителем метода обучения, – учащимся легче освоить идейно-художественные особенности произведения. Автор отмечает, что все методические приёмы, начиная от вводного урока знакомства с эпосом и заканчивая заключительным этапом обучения, должны быть направлены на главную цель речевого развития – формирование у ребёнка умения свободно выражать свои мысли.

*Ключевые слова:* эпос; эпическое произведение; жанровая особенность; методические приёмы; аудирование; чтение.

# “МАНАС” ЭПОСУНУН ТЕКСТТИН ТАЛДОО ПРОЦЕССИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ООЗЕКИ КЕБИН ӨСТҮРҮҮ

***К.А. Абдиева***

*Аннотация.* Макалада улуу эпостун тексти менен иштөө аркылуу окуучулардын оозеки кебин өстүрүүнү эпикалык чыгарманы окутуунун дидактикалык принциптерин, методикалык ыкмаларын жана кеп өстүрүү процессинин этаптарын эске алуу менен жүргүзүү зарылдыгы белгилеген. Эпикалык чыгарма катары “Манас” эпосун окутууда кайсы өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу зарылдыгын кыргыз методист-адабиятчылардын эмгегине таянуу менен айрыкча белгилеп өткөн. Текстти окутуу, уктуруу жана оозеки жооптору, диалогдук жана монологдук кеби өспүрүм окуучунун элестетүү фантазиясын ойготуучу аудио-, видеофильмдер, музыка жана сүрөт искусствосу менен айкалыштыра билүү зарылдыгы айтылган. Ошону менен бирге мугалим колдоно турган окутуу методдорунун бинардык таасирин – окутуунун жана окуп үйрөнүүнүн эки тараптуу табиятын эске алуу менен, чыгарманын идеялык көркөмдүк өзгөчөлүгүн өздөштүрүүнүн негизги этаптарында жүргүзүлө тургандыгы көрсөтүлгөн. Автор эпостун киришүү сабагынан жыйынтыктоочу иш-чараларга чейинки бардык методикалык ыкмалар кеп өстүрүүнүн негизги максатына, баланын өз оюн эркин айта билүү көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган болушу керек деп белгилейт.

*Түйүндүү сөздөр:* эпос; эпикалык чыгарма; жанрдык өзгөчөлүк; методикалык ыкмалар; угуу; окуу.

# CULTIVATION OF ORAL LANGUAGE OF STUDENTS IN THE PROCESS OF ANALYZING THE TEXT OF THE EPIC «MANAS»

***K.A. Abdieva***

*Abstract.* The necessity of introducing a step-by-step process of developing pupils’ oral speech using didactic principles and methodical techniques when familiarizing them with the text of the great epic “Manas”, while focusing their attention on its peculiarities as an epic work is emphasized. The importance of the teacher’s ability to combine textual teaching, listening and oral answers, dialogic and monologic speech of pupils with audio and video films, music and fine arts is emphasized. It is emphasized that the step-by-step study of the epic achieves a two-way effect of the teaching method

used by the teacher - it is easier for pupils to master the ideological and artistic features of the work. The author notes that all methodical techniques, starting from the introductory lesson of acquaintance with the epic and ending with the final stage of training, should be aimed at the main goal of speech development - the formation of the child's ability to freely express his thoughts.

*Keywords:* epic; epic work; genre feature; methodological techniques; listening; reading.

Адабият сабагында окуучулардын оозеки кебин өстүрүү процессинде баштапкы материал катары көркөм текст алына тургандыгы белгилүү. Тексттин үстүндө иштөө кепти өстүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңири ачып берет, анткени ал кептик ишмердүүлүктүн бардык түрүн: угуу, сүйлөө, окуу, жазууну өзүнө камтыйт. Чыгарманын мазмунун өздөштүрүүдө рецептивдүү жана репродуктивдүү ыкмалар колдонулуп, продуктивдүү кептин калыптанышына негиз түзүлөт. Эпикалык текстти окуп үйрөнүү анын *башка тексттерден айырмалоочу белгилерине* өзгөчө көңүл буруу менен педагогикалык-дидактикалык факторлорду жетекчиликке алуу менен жүзөгө ашырылат. Мындай текстти окуп үйрөнүүнүн педагогикалык негизин окутуунун дидактикалык принциптери түзөрү белгилүү.

Окумуштуу-методист А.Ж. Муратов "Манас" эпосунун адабий ааламда уникалдуулугун белгилеп келип, эпосторду окутууда төрт өзгөчөлүккө токтолуп кеткен. "1-оозеки адабияттын жазма адабияттан айырмачылыгын ачып берүү; 2-фольклордук чыгармага башка элдердин эпикалык чыгармалары менен салыштырма-типологиялык талдоо жүргүзүүсү; 3-эпосту балдарга уктурууга умтулуусу; тилдик байлыктын кенчи болгон эпостун тилдик каражаттары менен көбүрөөк иштөө зарыл", – деп белгилеген [1, с. 143–145].

Окуучулардын психологиялык-курактык өзгөчөлүгүн жана адабий чыгарманын белгилүү жанрын таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүн эске алуусу адабиятты окутуунун негизги талаптарынын бири. Эпосту кеңири окутуунун 9-класста эмес, 8-класста берилгенин да методисттер көлөмдүү эпостун тексттин кабыл алууга эң ыңгайлуу курак, тарыхый адабий курстун элементтерин камтып, системалык курска жакындатылып, адабияттык окуу курсунун методикалык талаптарына ылайык тексттин өзү менен тааныштырууга мүмкүндүк түзүлдү деп эсептешет [2].

Көлөмдүү эпикалык жанрды окутууга окуучулардын окуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен киришүү мугалим колдоно турган окутуу методдорунун бинардык таасирин – *окутуунун жана окуп үйрөнүүнүн* эки тараптуу табиятын эске алууну методист-окумуштуу Л.А. Шейман негиздеген [3]. Мугалимдин окутуу методдору жана окуучулардын окуп-үйрөнүү процесси параллелдүү, натыйжалуу жүрүп олтурушу кажет.

"Манас" эпосун окутуудагы *киришүү сабагынын* максаты – окуучулардын алдына таанып билүүчүлүк максаттарды коюу менен бирге баланын эмоциясына кайрылып, улуу эпоско карата кызыгуусун ойготуу аркылуу натыйжалуу иш-аракеттерге багыттоо болуп саналат. "Адабий жанр катары эпиканы окутуунун эң негизги өзгөчөлүгү *тексттик материалдарды өзөктүү темалардын, көйгөйлүү маселелердин, образдык системалардын тегерегинде* топтоштуруу зарылдыгы менен аныкталат", – деп белгилеген методист-окумуштуу З.Я. Рез [4].

Демек, эпосту окутууга киришүү алдында эпикалык жанрды окутуунун методикалык талаптарын, эпостун жанрдык өзгөчөлүктөрүн, синкреттик табиятын жана баланын адабий эстетикалык табитинин ар тараптуу болушуна, ой-сезимдеринин өнүгүшүнө, социалдык-философиялык жана этнопедагогикалык тарбия берүүчү зор потенциалын эске алуу менен киришүү керек деп дагы бир жолу белгилейбиз.

«Манас» эпосу боюнча окуучулардын оозеки кебин өстүрүү процесси да кептик ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүн калыптандыруу менен чыгарманын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн өздөштүрүүнүн негизги этаптарында жүргүзүлөт.

1. Киришүү сабагында текстти окуп таанышуу этабында.
2. Чыгарманын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгүн, образдар системасын анализдөөдө.
3. Эпостун тилдик-композициялык өзгөчөлүгүн аныктап-баалоо этаптарын сактоо менен.

4. «Манас» эпосу боюнча жыйынтыктоо сабактарында жана класстан тышкаркы иш формаларында жалпыланат.

Изилдөөчү методисттер да азыркы учурда окутуунун өктөм талабы да инсанга багыттап, өнүктүрүп окутуу менен окуучунун турмушуна керектүү болгон коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруу экендигин илимий-эксперименттик түрдө далилдеп ачып берип жатышат [5, 6]. Баланын текстти эмоционалдуу кабыл алуусунан, эстетикалык табитин калыптандыруучу деңгээлге, эпостун сюжетин түшүнүүдөн ой жүгүртүүнүн жогорку этаптарына, салыштыруу, талдоо жана баалоо билгичтиктерине көтөрүлүү зарылдыгын белгилейт. Так ушул заманбап талаптарды жетекчиликке алуу менен эпостун киришүү сабагынан жыйынтыктоочу иш-чараларга чейинки бардык методикалык ыкмалар кеп өстүрүүнүн негизги максатына, *баланын өз оюн эркин айта билүү* көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган болушу керек.

Чыгарманын текстине карата окуучунун кызыгуусун ойготуучу шарттарда да кеп өстүрүүнүн түрдүү мазмундагы жана формадагы иштери кошо камтылып, төмөндөгү методикалык ыкмаларга айкалышып сабактын негизги максаттарын ийгиликтүү чечүүгө кызмат кылат:

1) чыгарманы адабият сабагында өтүлгөн материалдар менен тыгыз байланышта кароо;

2) окуучулардын турмуштук тажрыйбасына таянуу;

3) жаңы чыгарманы түшүндүрүү процессинде зарыл болгон тарыхый, адабий комментарий берүү;

4) лексикалык комментарийге орун берүү;

5) көрсөтмө куралдарды, искусство материалдарын жана окутуунун техникалык каражаттарын кеңири пайдалануу.

Фольклордун эпикалык тегинин “Манас” эпосунда ачык көрүнгөн белгилерин *мугалимдин оозеки аңгемелешүүсү* менен тактап алабыз. Улуу эпопеянын негизги идеялык мааниси да анын *баатырдык – элди, жерди коргоо*, көз карандысыздыгын сактоо жана мамлекеттин биримдиги экендигин эпостун синкреттүү табиятына ылайык өтө кеңири планда, көркөм поэтикалуу стилде берилгенин мугалимдин презентациясы менен ачып берүү керек деп ойлойбуз. Окумуштуу-методисттер *(Н.В. Колокольцев, Т.А Ладыженская, А.Н. Леонов, О.Ю. Богданова, В.Г. Маранцман*) кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн 3 этабын белгилешет:

***1. Көрүү – угуу*:** баарлашуучу адам менен эмоционалдык байланышты түзүү. Окуучулар мугалимдин монологдук кебин угуп түшүнүшөт, эмоцияларын байкап, түшүнгөндөрүн салыштырууну жана жыйынтык чыгарууну үйрөнүшөт.

***2. Башкалар менен баарлашуу этабы:*** бул этаптын максаты суроолорго жооп берүү, маектешүү, өз ойлору менен бөлүшүү болуп саналат. Мындай максатка жетүүнүн ыкмалары катары төмөнкүлөр көрсөтүлгөн:

- проблемалык суроолорго жооп берүү, айтып берүү, оозеки сүрөттөө, кайсы бир окуяларга же көрүнүштөргө сценарий түзүү;
- сөздөрдүн маанилерин түшүндүрүү, синоним, антонимдерин табуу;
- турмуштук жагдайлар менен байланыштыра билүү;
- тигил же бул сөздөргө байланыштуу түшүнүктөрдү чечмелеген контекстти табуу же түзүү.

***3. Таанып билүү жана өзүн талдоо этабы.*** Бул этаптын максаты диалогдук формадан монологдук формадагы кепке көбүрөөк көңүл буруу, монологдук кептин көндүмдөрүн калыптандыруу болуп саналат. Төмөнкү ыкмалар бул максатты ишке ашырууга шарт түзүп берет:

- суроолорго кеңири жооп берүү;
- белгилүү бир жанрдагы тема боюнча талдап айтып берүү.

Бул этаптардын ортосунда, сабактын ортосунда *диалектикалык байланыш болушу* зарыл. Окуучунун өспүрүм курактагы психологиялык жана интеллектуалдык өнүгүү этабына жараша негизги көңүл методикалык иштердин *активдүү, эмоционалдуу* формаларына буруулусу максатка ылайык боло тургандыгын белгилүү методисттер (*М.В. Черкезова, А.Д. Жижина, А.Н. Леонов, О.Ю. Богданова, В.Г. Маранцман)* белгилешкен. Бул багытта жекече-индивидуалдуу иш формаларынан тартып, стихиялуу уюшулган топтордо жана атайын максатка багытталган социалдык топтордо жүргүзүлүшү мүмкүн. Ал эми мазмуну боюнча текстти жатка билүү, ролдоштуруп окуу, инценировкалоо менен бирге ***эмоционалдык***

***баалоо элементин камтыган*** тапшырмалар, суроолор, көнүгүүлөр аркылууу киришүү сабагында баланын ой жүгүртүү жөндөмүн, оозеки жана жазуу кебин жаңы деңгээлге көтөрүү эң негизги кадамы катары каралган. 8-класстардагы адабият сабагынын негизги ыкмалары – *көркөм, жекече, ролдошуп окуу, кайра айтып берүү, жаттап айтып берүү, комплекстүү комментарий, репродуктивдүү аңгеме, тексттин идеялык көркөмдүк өзгөчөлүгүн талдоо, салыштыруу, баалоо боюнча түрдүү деңгээлдеги* тапшырмалар болуп саналат.

Эпостун тексттин окуучунун кабыл алуусу негизинен *баланын чыгарманы өз алдынча окуусу, манасчылардын аткаруусунда текстти, эпостун сюжети боюнча жазылган опера, симфония, драмалардан үзүндүлөрдү угуу менен коштолгон мугалимдин көркөм окуусу* аркылуу кабыл алынат. Эпос менен жаңы деңгээлде жолугушуп жаткан баланын дүйнөсүн дагы ар тараптуу даярдоо үчүн С. Каралаевдин аткаруусундагы үзүндүнү уктурууну, киноискусствосунда жаралган даректүү фильмдердин айрым материалдары жана С. Чокморовдун “С. Каралаев” аттуу портрети жана улуу манасчыга арналган көркөм сөз берметтерин, кошумча адабияттарды окуу менен байытууга болот. Эпостун идеялык лейтмотиви – Ата-Журтту коргоо, анын ички биримдигин сактоо жана Мекенди сүйүү, ага кызмат кылуу зарылдыгын окуучулар жан дүйнөсү менен дагы терең эмоциялар аркылуу туюп сезишет.

Текст боюнча ***көркөм окууга машыктыруу*** иштери да жогоруда көрсөтүлгөн методикалык ыкма катары баатырдык жана турмуштук эпосту салыштыруу, сөздүк иштери сыяктуу эле чыгарманы талдоо процессинин бардык этаптарын коштоп жүрүүсү зарыл. Эпостун табиятына жараша манасчылардын аткаруусундагы үзүндүлөрдү ***уктуруу***, мугалимдин көркөм окуусуна караганда, угуучуларга таасирдүү экендиги түшүнүктүү. Манасчынын көп диапозондогу үнүнүн, *вербалдык кыймылдарынын,* айтылган саптардын ыргагы менен угуучуларды арбап, өзүнө тартып искусствонун жогорку деңгээлдеги таасирине аудио-, видеофильмдер аркылуу жеткиребиз. Ошондуктан чыгарманын тандалмалуу, идеялык-көркөмдүк жүк көтөргөн үзүндүлөрүн уктуруу, мугалимдин көркөм окуусу да, окуучуларга окутуп диалог жүргүзүү да зарыл иштердин катарын толуктайт.

Кеп өстүрүү кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү болгон окуу, айтуу, жазуу жана угуу менен тыгыз байланыштуу. ***Окуу процессин*** изилдөөчүлөр белгилегендей, окуу контексти менен окурмандын активдүүлүгүн бирдикте карап, бир максатты көздөп окууга чыгармачылык мамиле жасалганда гана ал максатына жетет деп көрсөтүшөт. Текстти окуп түшүнүүдөгү процессти *төмөнкү схема менен: кызыктыруу – кабыл алуу – түшүнүү-1; – талдоо – түшүнүү-2 деп берсек болот*. Бул модель окуучунун адабий өнүгүшүн багыттап, системалуу бинардык ишаракеттердин негизинде гана ишке ашат деген ойдобуз.

*Текстти окуу* – бул чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмунун жана көркөмдүк өзгөчөлүгүн өздөштүрүүдөгү, кеп өстүрүүдөгү алгачкы жана маанилүү кадам экендигин эстен чыгарбастан методикалык жактан мугалим төмөндөгүдөй иштерди жүргүзүүсү зарыл:

1. Окулган тексттен негизги көркөм ойлорду жана образдарды табышат.

2. Тексттин мазмуну боюнча түзүлгөн суроолорго жооп беришет жана мындай суроолорду өздөрү түзүшүп, бири бирине беришет.

3. Окуучу тексттен цитата келтирүү менен айтып берет.

4. Өз алдынча текстке карата план түзөт жана суроо коёт.

5. Текстке карата эмоционалдык маанайын билдирип сүйлөйт.

Мындай иштердин негизги бөлүгүн баланын ***оозеки жообу*** түзүп тургандыктан, көптөгөн изилдөөчүлөрдүн (*Н.И. Жинкина, М.А. Рыбникова, В.В. Голубкова, Н.В. Колокольцев, Т.А. Ладыженская*) методикалык кеңештеринде төмөнкүдөй багыттар белгиленет:

1. Баланын оозеки кеби жандуу жана табигый маектешүүнүн жүрүшүндө, баланын мугалим менен теңтуштары менен чогуу таанып билүү ишмердүүлүгүндө активдүү мүнөзгө ээ болот.

2. Баланын айтып берүүсү сөзсүз мотивдештирилип, угуучуларга, аны кызыгып жана көңүл буруп тыңшаган угуучуларга багытталышы зарыл.

3. Коммуникативдик багытка ээ болгон байланыштуу кепти өнүктүрүү менен бирге баланын тилдик жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүнүн негизин *семантикалык компонент* түзүүсү керек. Мында баланы кепти угуусу, көркөм айтуусу, сөздүк корунун байышы менен бирдиктүү жүргүзүлгөн иштердин топтому оозеки кеп өстүрүүнүн максатына толук жооп берет.

4. Көркөм чыгарманын негизинде түзүлгөн баланы оозеки айтып берүүсү да репродуктивдүү деңгээлден продуктивдүү, өз алдынча чыгармачыл процесске өсүп жетилүүсүндө сөздүк жумуштарынын ар түрдүү мазмунун жана формаларын ийкемдүү айкалыштыра билүү өзгөчө мааниге ээ болот. Албетте, жогоруда айтылган ойлордун ар биринин маанилүү функционалдык кызматка эгедер экенин көрсөтүү менен оозеки жана жазуу кепти өнүктүрүүдө тилдин структурасынын фонетикалык жана лексикалык аспектилери *коммуникативдик компентенцияга ээ болуунун негизин* түзө тургандыгын белгилейбиз.

«Манас» эпосунун тексти – кыргыз сөз казынасынын асыл берметтерин камтыган кеп байлыгынын кут сандыгы болуп саналат. “Манасты” үйрөнүү сабактары – сөз үйрөнүүнүн да сабактары экендигин адабиятчы-методисттер (*С. Байгазиев, Б. Алымов, А. Муратов, Б. Оторбаев*) белгилеп келишет. Мындай иштер менен “текстти интерпретациялоо менен азыркы окуучулардын байыркы доорлорду тарыхый, фольклордук аспектиде көз жүгүртүү жөндөмү өсөт” деп көрсөтүшкөн. Адабиятты окутуунун негизин да сөздүн ***контексттик маанисине*** көңүл буруу аркылуу анын эстетикалык функциясын толугу менен ачып берүү түзөт.

Ошондуктан сөздү негизинен чыгарманын көркөм идеясын, көркөм образынын бүтүндүгүндө кароо менен сабак өтүү максатка ылайыктуу деп ойлойбуз. Баланын оозеки кебин өнүктүрүү аларды айтып берүүдөн мурда жогоруда айтылган манасчылардын айтканын, мугалимдин көркөм окуусун, башка окуучулардын текстти окуганын *угууга* (*слушание, аудирование*) да үйрөтүү болуп саналат. Чыгарманы угуп түшүнүү, окуп түшүнүүгө караганда, психофизиологиялык жактан татаал процесс экендиги анык, ошондуктан “Манас” эпосун уктурууда анын айтылыш темпинен башка да, аны коштогон көрө турган сүрөттөр, музыка жана видеолордун болушу баланы психологиялык жактан даярдап, аң-сезимдеги *ассоциативдик байланыштарды* түзүп, кабыл алууну жеңилдетет.

Жогоруда белгилегендей, эпостун жанрдык табияты боюнча угуп түшүнүүгө багытталган көркөм туюнду болгондуктан, манасчылардын айтуусундагы ар түрдүү ритмдеги тексттерди көбүрөөк колдонуу, уктуруу – көрсөтүү максатка ылайыктуу деген ойдобуз. *Бала угуп, окуп, оозеки жооп берип түшүнгөндөн кийин гана айтып берүүнүн ар түрдүү формаларына өтүүгө шарт түзүлөт десек болот.* Ошондуктан киришүү сабагындагы уктуруу, окутуу, суроо-жооптор, аны ар түрдүү искусство чыгармалары менен коштоо жана чыгарманы ар түрдүү ыкмада комментарийлөө текстти толук кандуу кабыл алууга же айтып берүүнүн репродуктивдүү жана продуктивдүү деңгээлдеги диалогдук, монологдук кепке даярдайт [7–9].

Поступила: 10.10.2024;
рецензирована: 24.10.2024; принята: 28.10.2024.

***Адабияттар***


1. *Муратов А.* Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы / А. Муратов. Бишкек: Турар, 2013. 554 б.
2. *Оторбаев Б.К.* «Семетей» жана «Сейтек» эпосторун окутуунун мазмуну жана методу: пед. илимд. канд. дис. 13.00.02. / Б. Оторбаев. Бишкек, 2004.
3. *Шейман Л.А.* Основы преподавания русской литературы в киргизской школе. Ч. 1 / Л.А. Шейман. Фрунзе, 1981. 238 с.
4. *Рез З.Я.* Методика преподавания литературы / З.Я. Рез. М.: Просвещение, 1977. 384 с.
5. *Эльконин Д.Б.* Психологическое развитие в детских возрастах / Д.Б. Эльконин. Воронеж, 1995. 414 с.
6. *Давыдов В.В.* Проблемы развивающего обучения: опыт теоретического и экспериментального психологического исследования / В.В. Давыдов. М.: Академия, 2004. 288 с.
7. *Ильин Е.Н.* Искусство общения / Е.Н. Ильин. М., 1982. 110 с.
8. *Изаренков Д.И.* Обучение диалогической речи / Д.И. Изаренков. М., 1986. 150 с.
9. *Абдиева К.А.* Психологические и лингвистические основы развития вербального общения при изучении литературы / К.А. Абдиева // Вестник КРСУ. 2024. Т. 24. № 6. С. 45–52.